Бекитемин:

Мектеп директору: Чотуралиев И.А.

# Окуудан өзгөчөлөнгөн, зээндүү балдар менен иштөө **жобосу**

## 1.Жалпы жобо

**1.1.** Зээндүү (шыктуу ) - бул бир же бир нече иш аракеттердин жыйынтыгынын негизинде башка адамдарга салыштырганда жогорку жетишкендикке ээ болгон турмушта психикалык сапаты өөрчүгөн система. Зээндүү бала - бул тигил же бул иш аракеттерде жогорку жетишкендиктерге ээ болгон бала.

**1.2. Максат жана милдеттер**

Максат: Балдардын өсүүсүнө шарт түзүп берүү

Милдеттер:

- Ар түрдүү диагностикаларды пайдаланып зээндүү жана таланттуу балдарды тандоо
- Сабак учурунда жекече иштөөнүн негизинде балдардын өзгөчөлүгүн пайдалануу
- Сабактан жана мектептен тышкары ар түрдүү иш чараларды уюштуруу.
- Зээндүү окуучулардын өсүүсүн жогорку деңгээлге жеткирүү

**1.3. Зээндүү балдар менен иштөөнүн принциптери**

Жекече сабак берүү:

- Алдын ала окутуунун принциптери;
- Ишкердүүлүктүн бардык ыңгайлуулуктарын түзүү принциптери;
- Окуучулардын бардык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жолдору;
- Сабактан тышкары учурда чыгармачылыкты өстүрүүнүн ролу;
- Окутууну өркүндөтүүнүн принциби;
- Өз ыктыяры менен өнүгүүнүн принциби.

**1.4 Жобого катышкан катышуучулар**

- мектеп администрациясы (директор, завучтар).
- Мектептеги МБ жетекчилери.
- Предметтик мугалимдер
- Класс жетекчилер.
- Кружоктун жетекчилери
- Соц.педагог
- китепканачы

**1.5. Өзгөчөлөнгөн, таланттуу балдар менен аткарылуучу иштердин формасы:**

- Чыгармачылык иштер;
- Интеллектуалдык марафондорго катыштыруу;
- Илимий-практикалык конференцияларды уюштуруу;
- Олимпиадаларга катыштыруу;